*УДК:655.3.026*

*Г.К.Шакенбаева,*
*ф.и.к., доц. БГУ*

# УЗЧУЛУККА БАЙЛАНЫШТУУ СӨЗДӨРДҮН КЕЛИП ЧЫГЫШ ТАРЫХЫНАН

# ИСТОРИЯ ПРОИСХОЖДЕНИЕ СЛОВ СВЯЗОННЫЕ С МАСТЕРСТВОМ ВЫШИВАНИЕ

***Аннотация:*** *Бул макалада кол өнөрчүлүктүн тармактарынын бири болгон узчулукка байланыштуу бычмачы терминин теги жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *бычмачы, сөз, жазуу, саймачы, узчулук, көркөм өнөр, сөз теги.*

***Аннотация:*** *Одним из направлений художественного народного промысла является мастерство рукоделия. В этой статье рассматриваются вопросы, связанные с историей происхождения термина "закройщица".*

***Ключевые слова:*** *закройщица, слово, письмо, вышивальщица, мастерство вышивание, художственный промысл, происхождение слова (этимология).*

*In this article will be considered one of the term of art craft connected with needlewoman, cutter.*

***Key words:*** *cutter, word, letter, embroideress, needlewoman, art craft, origin of the word.*

Кыргыз эли байыртадан эле көркөм өнөргө шыктуу экендигин элдик оозеки чыгармачылыктын түрлөрүнөн байкайбыз. Океандай чалкыган улуу эпостордон тартып, кадыресе макал-лакап, лирикалык ырларга чейин кол өнөрчүлүк даңазаланып келген. Биздин байыркы ата-бабаларыбыз жашоо-турмушунун ар кандай жагдайларына тиешелүү түшүнүктүюмдарды, дүйнөнү таанып билүүгө карата болгон көз карашын, ата-салтын, ырым-жырымын, кол өнөрчүлүгүн дал ушул оозеки чыгармаларына чөгөрүп, келечек муундар үчүн ата мурасы багытында калтырган окшобойбу. Ага мисалды "Манас" үчилтигин барактаган эле жерден табууга болот. Маселен, айтылуу ак тандай Саякбай Каралаевдин айтуусунда ак олпок:

"Жакасы алтын жеги жез,
Жез бадана торгой көз.
Кыш бадана торгой көз,
Келеме жака кер күрмө,
Керишке тийсе ок өтпөс,
Найзанын учу тешпеген,
Нар кескен огу кеспеген", - деп

сүрөттөлөт . Мына ушул саптардан байыркы кыргыз кыз-келиндерибиздин узчу, саймачы, тикмечи, бычмачы экендиги даана эле байкалып турат. Алар үчүн кийимдин көркөмдүгү, кооздугу, эр азаматтын жаш курагына ылайыктуулугу гана эмес, жоокерчилик ар кандай катаал шарттарына туруштук бере ала тургандыгы да эске алынат. Мындай кийимди жасап жаткан уздардан өтө кылдаттык, усталык талап кылынган. Ал үчүн устат ийне-жип, керектүү материалдан сырткары кийимдин түрлөрүнө жараша аны тигүүнүн, жасоонун ар түркүн технологиясын, сырларын жакшы билүүгө тийиш эле. Дагы бир жолу эпоско кайрылып көрөлүчү:

Көмүрүнө чыдабай
Көп токойлор кыйылган,
Көрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлган
Сугатына чыдабай
Көп булактар соолгон,-деп

айтылат. Мындагы саптарда улуу уста Бөлөкбай бир эле кылычты жасоо үчүн канча көмүр жагып, көөрүк үчүн жүздөгөн буканын терисин керектеп, курчутугун, өткүрлүгүн чыңдоо үчүн кыйла булактын суусун зарптагандыгы айтылууда. Ырас, мында апыртма бар деңизчи. Апыртуу, ашыра мактоо көркөм чыгарманын бири экендигин моюнга алуу менен негизги ой кол өнөрчүлүктүн не бир сырларын, ыкмаларын даңазалоо, эл-журтка жеткирүү болуп жаткандыгын да эскерте кеткенибиз оң. Дал ошол түмөн түйшүктү аркалаган уздардан, устаттардын кажыбас эмгегинен жаралган буюм гана максатына жетери белгилүү. Анча болду "Манас"эпосунан дагы бир мисал:

"Ташка чапса май кескен,
Чөлжү чапса өрт кеткен,
Шилтегенде Манасың,
Душманыңардан баш кеткен,"- деп

сүрөттөлөт ачалбарс эпосто. Бул жерде курал жогорку устаттыкта жасалды деңизчи. Бирок, ал жеке ту-

рушунда эч мааниге ээ эмес. Качан Манас Аколпокту кийип, Аккуласын минип, Сырнайзасын карууга алып, Ачалбарсын колуна алып, Айбалтасын белине кыстарып, жаасын далыга асынып майданга чыкканда гана Манастын чыныгы баатырдык келбети көз алдыга тартылат, даана түшөт. Демек, жогоруда биз айтып жаткан устат-уздардын жасаган буюмдары, куралдары жоокерчилик мезгилиндеги эр азаматтардын баатырдыгын камсыз кылуучу негизги шарттардын бири. Жалпылап айтканда кол өнөрчүлүк адамдын жашоотиричилигинин тигил же бул муктаждыгынан улам пайда болгон турмуштук көрүнүш.

Эмне үчүн биз саймачылык, бычмачылык жөнүндө сөз кылардан мурун "Манас" эпосуна кайрыла калдык? Анын себеби-бул . Улуу эпосто баса да, кыйыр да түрдө айтылып жактандай кол өнөрчүлүктүн башаты адамзат пендеси менен жашташ, эң байыркы. Мындан үч жарым миллион жыл мурун адам айбанаттан ажырап, бутуна тургандан тартып, бошой түшкөн эки колу менен кол өнөрчүлүктүн терини, жыгачты, темирди иштетүү менен кошо оймочулук, саймачылык, бычмачылык, тикмечилик өңдүү ж.б. салалаары пайда болгон. Аларга байланыштуу буюм–теримдердин, иш процесстеринин аталыштары жаралат. Демек, кол өнөрчүлүккө байланыштуу баштапкы терминдердин маани-мазмунун чечмелөөдө сөзсүз түрдө ошол байыркы учурдагы тарыхый шартка көз чаптырышыбыз керек. Андан башка учурда баштапкы терминдин төркүн-төсүн ачык, так чече албайбыз.

Мына ушул багытта биздин азыркы сөз кыла турганыбыз *пис//бис* деген аталыштар. Деги эле бул сөздүн тегин чечмелерден мурда кыскача мындай бир экскурс.

Байыркы адамдардын түшүнүгү боюнча бардык нерсе динге байланышкан. Башкасын койгондо да Библияда кудайдын оозунда алгач сөз пайда болгон деп айтылат. Бул-чынында эле диний түшүнүк Байыркы адамдар үчүн сөздүн пайда болушу, угуучунун мээсинде конкреттүү кубулуштай туюлуп, мындай нерсе бир гана кудайга тиешелүү деп эсептешкендери ырас. Ал эми жазуунун келип чыгышы андан бетер. Бул тууралуу И.Е. Гельб мындай дейт: "Представления о божественном происхождении письма засвидетельствованы повсеместно, как в древности, так и в наше время, как среди цивилизованных, так и примитивных народов. Оно связано главным образом с широкораспространенной верой в магическую силу письма. Повсюду, как на Востоке, как и на Западе, введение письма приписывается божеству. У Вавилонян письмо изобрел бог Набу. Египтяне верили, что изобретателем письма был бог Тот. По исламской традиции сам бог был создателем слова и письма и передал их через пророка Мухаммеда. Скандинавская сага приписывает изобретение рун, главному богу Одину и.т.д. [1.35-б.] Мындай тизмени узарта берсе түгөнө турган эмес. Андан калса "жазуу" берсе түгөнө турган эмес. Андан калса "жазуу" деген түшүнүктү туюндурган *пис-бис* терминин төркүнүн *пис* " "тычковое орудие" , андан письмо "жазуу" келип чыкаан деп түшүндүрүшкөн . Сөздүн өзүнүн түп башаты, *пис*, андан орустардагы "письмо", европадагы "птих"түшүнүктөрү келип чыкканын "болжолдоп" окумуштуу, Дж.Клосон мындай дейт: "Невежественные тюрки не могли сами не то, что создать систему письменных знаков, но даже скопировать согдийский алфавит, приспособить его под нужды своего языка". [2. 67-б.]. Бул өтө эле ашыра чапкан ой жүгүртүү. Дж.Клосондун оюнун жайылыш экендигин В.А.Истрин, В.А.Лившиц убагында баса көрсөтүшсө да, али ушул күнгө дейре сөз менен жазуунун чыгышын – индоевропа багытына бурушкан окумуштуулар чекеден табылат. Ошентсе да кол өнөрчүлүккө, анын ичиндеги сайуу, бычуу жазууга, байланышкан сөздөргө уютку болгон *пис//бис* деген сөздүн жаралыш башаттарына кайрылып көрөлү.

Тарыхтын түп башатында элдер топ-топ болуп, үңкүрлөрдө жашашкан. Жашоонун негизи эки багытта: биринчиси-мергенчилик, экинчиси-табигаттын даярдап берген жер-жемишин терүү (собирательство) багытында жүргөн. Ошондогу эл мергенчиликке, аң-улоого чыгардан мурун атайын жөрөлгөлөрдү (ритуал) жасашкан. Ал мындайча: атайын тегиз жерге айлананы чийип, анын ортосуна жаныбардын сүрөтү, балким ал элик, бугу эчки, теке, кулжа жана башкадыр, айтор аңчылык кылына турган сүрөт тартылган соң, алар айлананы тегерене чуркашып, ар бири колундагы учтуу курал менен аны сайышкан. Эгерде ошол курал айланып ортосундагы кийиктин сүрөтүнө сайылса, анда алар, "бүгүн биздин жолубуз болот"-деген ниетте өзүлөрүн-өзүлөрү ынандырып, мергенчиликке аттанып кетишкен сыяктуу. Кокус учтуу курал сүрөткө тийбесе же сайылбаса, анда "жолубуз болбойт"-деген пикирде эч жакка барышкан эмес. Ырас, бул-байыркы шаманизмдин, диний түшүнүктүн алгачкы белгиси деңизчи. Бирок, бизди кызыктырганы ошол куралдын *пис//бис* деп аталышы. Ал азыркы түшүнүк боюнча найза же, учу учталган, болгондо да "саюу" деген түшүнүктү туюндура турган куралдын аталышы. Орусча "тычковое орудие". Бул курал алгач жогортон төмөн карай тике саюуну гана туюнткан. Кымбаттуу окурманым, кулагыңызга күмүш сырга, куралдын ушул алгачкы жогортон төмөн карай саюу, тилүү, жаруу касиети жадыңызда кармап турсаңыз дегеним, сөз лексикалык маанайда улам маанисин өзгөртүп, башка түскө, кошумча боёкко ээ болгону менен түп башаттагы функциясын күнү бүгүнкүгө дейре жоготпоптур. Мисалы, кымыздын суусундук катары жетилүүсүндөгү бышуу процесси. Анда колдонулган бишкек< (быш+-кек этиштен атооч жасоочу мүчө же отглагольный аффикс) бээнин сүтүн жогортон төмөн карай сайып, жарып, кирчү курал эмеспи. Мен муну сөздүн азыркы кыюбына карай айта койдум, ага сөздүк кийинки ыңгайында да токтолобуз. Ошентип, байыркы адамдар жогорку куралды убакыттын өтүшү менен эки багытта колдонушкан. Биринчиси-ритуалдык шамандардын сүрөттү сайышы маанайында. Жер үстүндө чийилген сүрөт дайыма эле формасын сактап тура бербейт экен. Шамал болот, мал-жан тебелейт дегендей. Аны кыйла мезгилдерге дейре сактап калуу үчүн, байыркы көчмөндөр сүрөттү таш бетине чийишкен. Андагы колдонулган куралды да *пис//бис* деп аташкан. Тил илиминде мындай көрүнүштөр кыйла. Салыштыралы : орто кылымда адамдар жазуу үчүн куштун канатын (перо) колдонушкан. Ал жазуу үчүн өтө ыңгайсыз эле. Куштун канатынын учундагы сыя эки-үч тамганы ашып кетсе бир сөздү жазууга гана жараган. Кийин жазуу процессин тездетүү жана жеңилдетүү макса-

тында сыяны тулку боюна көбүрөөк кармап турууга жарамдуу бөйрөктүү же курсактуу темир уяны ойлоп чыгарышкан да аны мурунку калыбында куштун канаты менен "перо" деп аташкан. Ошол сыяктуу таш бетине чийүүдөгү курал мурункудай эле *пис//бис* аталган. Экинчиси –дыйканчылыктын алгачкы учурунда үрөндү дал ошол курал аркылуу жерди тике сайып эгишкен. Эки учурда тең сөздүн мааниси бир-жогортон төмөн карай саюу. Ал эми саюу болгон жерде алгач жогортон төмөн карай тилүү, жаруу, кийинки учурда жыруу, чийүү, кесүү туюму келип чыгары айтпаса да түшүнүктүү.

Таш бетине чөгөрүлүп тартылган алгачкы сүрөт тил илими боюнча пиктография деп аталары белгилүү. Кыргыз жергесиндеги Саймалуу-Таш, Чолпон-Ата, Кетмен-Төбө, Кочкор, Баткен өрөөнүндөгү пиктографиялык сүрөттөрдүн тартылышы чийүү, жыруу, тилүү ыкмасы менен пайда болгон. *Пис//бис* мурун "тике саюуну" түшүндүрсө, эми таш бетин "тилүү, жыруу, чийүү" түшүнүгүнө ээ болуп, андан писик//бисик, пичик//бичик, питик//битик, "жазуу" мааниси өнүп чыкты.

Түрк тилинин табиятына ылайык бул сөз наречиелерде жогоркудай ар түрдүү айтыла берген. Анын тыбыштык түзүлүшүнө карай ар башка сөз дегенге болбос. Бул –бир эле сөздүн тектеш тилдердеги варианттары. Анын үстүнө уңгунун (*пис//бис*) башталышындагы п/б акырындагы с//ч, ш//т тыбыштарынын бири-бирине өтүүсү закон ченемдүү. Салыштыралы: пияз-бияз-мияз. Түрк тилинин фонетикасына ылайык тыбыштар бир орундан, бир ыктан жасалса, алар бири-бирине өтө берет (чередование).

Ошентип питик//битик "жазуу" дегенге кийин кошумча маани жүктөлүп "китеп" дегенди да түшүндүргөн. Бизге чейинки окумуштуулар пис//бис/пич//бич сөзүнүн баштапкы мааниси "саюу, жаруу, тилүү, кесүү, чийүү" экендигине көңүл бурушпай аны "жазуу" деген мааниден тагыраак айтканда, В.В.Радлов, С.С.Васильев, С.Е.Малов сыяктуу окумуштуулар пис//бис/пич// бич жазуу сөзүн кытайдын пи "кисть, кисточка (для писания тушью) сөзүнөн алып чыгышат. Ага белгилүү түрколог Э.В. Севортян өзүнүн эмгегинде "небезупречна, так как в тюркских источниках не зарегистрировано существительные тип пи"-деп каршы чыккан. [3. 306-б.] Ушуга удалаш ойду Г.Дерфер минтип сунуш кылат; "... излишними предпринимавшимся попытки сравнить тюрксое битиг и битик с санскритским pifaka, pidaka "документ".[4.27-б.] Бул–туура сунуш. Индоевропа тилинде битик сөзүнүн аты тургай жыты жок. Эгер бар болсо, тил илиминин ийне-жибине дейре казышкан илимпоздорунун бири аны эмдигиче таап чыкмак. Андан көрө түрк тилдеринен ооп барып, бул сөз ал тилдердин фонетикалык өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай угумда айтылып калган деш чындыкка алда канча жакындай туюлат. Ага мындай бир мисал. Биздин эрага чейинки биринчи миң жылдыктын акыры ченинде Римде "птих" сөзү пайда болот. Ал жылмаланган тактайга жазуу үчүн колдонула турган таякчаны түшүндүргөн. Аны жипке бирден, экиден, үчтөн байлап алып жүрүшкөн. Ошондон кийин Римде du-ptich, tri-ptich аттуу чакан китепчелер (записная книжка) пайда болот. Айрыкча tri-ptich китепчесинин пайда болушу адабият, сүрөт искусствосунда көбүрөөк колдонулуп, триптих аттуу жанрдын жаралышына өбөлгө түзгөн. Деген менен ушул сөздөрдүн башатында пис// бис-пич//бич- пит//бит-питик//битик турган. Жогору жакта биз индоирандыктардагы pifaka, pidaka сөздөрүн түрктөрдүн питик//битик сөзүнүн пайда болушуна негиз болгон деген айрым туура эмес ойлор тууралуу сөз кылган элек. Чынында ал сөз алгач түрк элинде пайда болуп, андан соң индоирандыктарга "жазуу", кийин жазуудан чыккан иш кагаздарынын маанисине өтөт. Караңыз: питик "письмо, книга" , pitica//pidak "грамота, документ"[5.27-б.] Ошондой эле Индоевропа тилдеринде саюу, жаруу тилүү, жыруу, чийүү түшүнүгүн да фонетикалык жагынан таптакыр башка сөздөр менен беришет: копни, коли, режь ж.б. пич//бич угумундагы сөз такыр башкача, ага да көңүл бөлөлү:

di ломать, дробить, давить.

И.е.: др.-инд.pis-ta "размолотить", авеста pisant растаптывающий, литовск. pis-ti "обмалачивать", латинск. pis-no "раздавливаю", ст.славянск. pbx-ati "совет (кандайдыр, бир нерсени койнуна же көңүлгө салуу, катуу-Ш.Г.) [6.332-б.].

Карт: bic "крошить",др.груз "крохи",па- bic "крошка (хлеба)",сван. bick "разломать" драв:тамил. Pic-ai "разминать пальцами, лущить зерно",малая pisitu "шелуха фруктов",кота. Pick "сжимать, щипать", тулу pisiki "сжимать, месить".[7.12-б.]

Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай эле тилдик башка ири топтордо түрктөрдүн саюу, жаруу, тилүү, чийүү, кесүү, бышуу түшүнүгүн бере турган пис// бис түп уңгусу жок экен. Бул тууралуу көрүнүктүү компоративист, ностратикалык уюткуну изилдеген Иллич-Свитыч да сөз кылбайт. Жыйынтыктап айтканда пис//бис сөзү туунду маанилери менен түрк тилинин кыртышында гана өнүгүп, кийин элдердин бири-бири менен болгон саясий, экономикалык, маданий байланыштардан улам калган чөйрөгө тараган десе болот. Анча болду орус тилиндеги "письмо" жөнүндө бир-эки ооз сөз. Биздин эранын нары-бери жагында түрк эли орустар гана эмес, байыркы Византия, Балкан, Карпат, ал турмак Рим, Греция, Франция, Испания жерине чейин улуу көчтүн жүрүшүн археологиялык, антропологиялык, лингвистикалык тармактардан сырткары генетиктер да далилдеп чыгышпадыбы. Демек, биз айтып жаткан сөз ошол учурда, балким андан кийин "жазуу, сызуу, китеп" андан "документ, грамота" формасында өткөн болуу керек. Анткени, письмо орус тилинде дал ушуну түшүндүрөт. Эгерде кептин чынын айтсак, аны биз-түрк тилинин адистери ушинтип айтып жатабыз. Ал эми слависттер "письмо" сөзүнүн келип чыгышын башкача карашат. Көрүнүктүү лексиколог М.Фасмерди барактап көрөлү:

Письмо множ. письма, укр. письмо, беларусь пiсьмо, болг.писмо, серб.-хорв. писмо, славен.pismo чеш.-сла.pismo, пол.pismo, ст.слав.писмя. От писать обычно сближают с лит. piesimas, -"рисования, мазия"[.8.224-б.].

Болгон түшүндүрмө ушул. Ал түрмөк "письмо" менен "пёстрый " сөзүнүн маанисин, түбүн бир карайт. Ошондогу ой боюнча "пятно" "делать пятно" мазать "рисовать" "писать" багытындагы семантикалык өнүгүү келип чыгат окшобойбу. Бул деги эле акылга сыйбаган иш. Андан көрө түрктөрдүн "тилүү, жыруу, чийүү" түшүнүгүн берген пис//бис термини чындыкка

алда канча жакын. Жазуунун пайда болушун, келип чыгышын окуган адам алгач кайыңдын кабыгын, андан соң ташты, кийин кагаздын бетин чийүүдөн, тилүүдөн улам жазуу чыккандыгын баамдайт.

Түрк тилдеринед пис//бис сөзүнүн мааниси бир нече багытта өнүккөн. Карап көрөлү:

1. пис//бис "тычковое орудие" . Жерге үрөн себүү үчүн жогортон төмөн саюу. Ритуал катары тартылган сүрөттү саюу. Ушул саюу мааниси таш бетине сүрөт тартуу үчүн жыруу, тилүү, чийүү түшүнүгү ээ болот да, андан жазуу, китеп аталышы келип чыгат.

2. Талданып жаткан сөз варианттары пиш//биш. Түрк тилинин эрежесине ылайык ал пыш//быш, мыш// быш ж.б. өзгөрүшү мүмкүн. Бардыгынын тең мааниси бир. Бирок, пыш//быш –туунду көрүнүш, караңыз: пис//бис > пыш//быш . Мааниси-жаруу, тилүү, сайуу. Кыргыз тилинде "кымызды быш, казанга салган өпкөнү быш", же кимдир бирөөгө жини келсе "бычак менен бышып алармын"-деп айтышат. Мында да тилүү, жаруу түшүнүгү бар. Кымызды кыймылга келтирип турган бишкек сүттү тилип, жарып кирет эмеспи. ошондон улам быш+уу=бышуу; биш+кек=бишкек аталышы келип чыккан.

3. пыч//быч. Бул сөз деле жогоркулардын бир түрү, бирок туунду. Мааниси-кес. Баштапкы учурда бир нерсени бөлүү, жаруу, ажыратуу маанисинде колдонулса, кийин ал "максатка ылайыктуу жүргүзүлгөн иш процессин" туюндурган. Мисалы, айтылуу келин Каныкей кандагайдын терисин бычып жаткан учурда аны жөн гана тилип таштабастан, келечекте кийиле турган кийимдин "жакасы, жеңи, өңүрү, этеги, капталы, кашаты, багелеги сыяктуу элементтерге ылайыктап кесүү, тилүү туюму" мааниси пайда болот. Мындай процесстик ишти өздөштүргөн адамды "уз" же бычмачы деп аташкан. Бул аталышта сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы чоң роль ойногон. Караңыз: быч+уу (этиштен атооч жасоочу мүчө. Салыштыралы: оку+уу, жаз+уу, чий+үү, ж.б.); быч+ма (этиштен атооч жасоочу мүчө, салышт: кеч+ме, бас+ма, сүз+мө ж.б.); быч-ма+чы (атоочтон атооч жасоочу кесиптик маанайдагы мүчө, салыштыралы: сайма+чы, үй+чү, кой+чу, түймө+чү ж.б.).

4. пыч//быч –"кесүү, оруу, чабуу", пыч//быч үңгүсүна атооч түркүмүн жасоочу –ан мүчөсү улануу аркылуу "пычан" сөзү пайда болот. Оруп-жыюуга жетилип калган чөптү туюндуруучу бул сөз бүгүнкү күндө кыргыз тилинин түштүк диалектисинде, ошондой эле өзбек, түркмөн, азербайжан, кумык, гагауз өңдүүтилдерде пычан//бышан, пишен//бишен ж.б. варианттарда колдонула берет.

Ошентип, биз "бычмачы" деген сөздүн төркүн-төшүн таржымалдоодо тил тарыхына көңүл буруу менен байыркы түрк тайпасы, канатташ жашаган коңшу элдердин маданиятына таасир бергендигин баамдадык. Бул тууралу белгилүү түркolog. А.М.Щербак : "Тюркские народы вправе гордится высоким уровнем развития культуры в стиль отдаленное время, обретения специфических форм государственности и связанных с ними самобытных институтов, ощутимым вкладе в развитие мировой цивилизации". [9.56-б.] Түрк элинин маданиятына берилген бул жогорку баага ыраазы болуу менен макаланы аяктасам.

***Адабияттар***

*1.Гельб И.Е. Опыт изучения письма (Основы граматологии). –М., Аспект Пресс, 1982.- 110 стр.*

*2. Клоссон Дж. Происхождение тюркского «рунического» письма / Пер. с англ. .Д. и Е.А. Васильевых -М.,1971. - 135 стр.*

*3. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркского языка (Общетюркские и межтюркские основы на букву «Б») АН СССР. Ин-т языкознания. — М.: Наука, 1978. — 349 стр.*

*4.Дёрфер Г. О языке гуннов /Пер. с нем. В.Г. Гузева. –М.,1973, N1, 50 стр.*

*5. Левшин В.А. О происхождении древнетюркского рунического письма.- Санкт-Петербург., 1978. -93 стр.*

*6. Иллич-Свитыч В.М. Опыт сравнения Ностратических языков. Сравнительный словарь. – М., Наука, 1971. – 412 стр.*

*7. Сулейменов О. Тюрки в доистории. О происхождении древнетюркских языков и писменностей. – Алматы, 2002. 30 стр.*

*8. Фасмер М.Этимологический словарь русского языка.- Т., 111.- М., 1972. 797 стр.*

*9. Щербак А.М.Тюркская руника. Происхождение древнейшей письменности тюрок. Спб., Наука, 2001.- 147 стр.*